# Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
# Кыргызстан ислам университети

**“Теология” кафедрасы**

| Макулдашылган<br>Кыргызстан ислам университетинин<br>окумуштуулар кеңеши.<br><br>Окумуштуулар кеңешинин протоколу № 6<br>" 1 " 08 2024-ж | Бекитемин<br>КИУнун ректору, проф.<br>________ Нарматов А.И.<br>" 1 " 08 2024 ж. |
|---|---|

**Жогорку кесиптик билим берүү**

# Билим берүү программасы

**Даярдоо багыты 531600 “Теология”**

Академиялык даража: **Бакалавр**
Окуу формасы: **Күндүзгү**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 1578/1 буйругу 531600 «Теология» адистиги боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн

Каралган:
“Теология” кафедрасынын
отурумунун № 12 протоколу
“27” 06 2024 -ж.
Каф.башчысы ________

Бишкек-2024

Scanned with CamScanner

**М А З М У Н У**


**1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ 4**

1.1. 531600 Теология багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы 4

1.2. ББПда колдонулган терминдер 4

1.3. ББПда колдонулган кыскартуулар 5

1.4. 531600 Теология багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун ББП иштеп чыгуудагы нормативдик документтер 5

**2. АДИСТИК БОЮНЧА ББПдагы БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ 6**

2.4.1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү 6

2.4.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери 6

2.4.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү 6

2.4.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери 7

**2.3. ББПны ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА КАЛЫПТАНГАН БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ 7**

2.3.1. 531600 Теология багыты боюнча ББПын максаттары 7

2.3.2. 531600 Теология багыты ББПын окутуунун натыйжалары 8

2.3.3. Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы 9

2.3.4. 531600 ТЕОЛОГИЯ багыты боюнча "бакалавр" академиялык даражасына ээ болуучу бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болот 9

2.3.5. Дисциплиналардын компетенциялар картасы 12

**4. ББПны ИШКЕ АШЫРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН РЕГЛАМЕНТТЕШТИРҮҮЧҮ ЖАНА УЮШТУРУУЧУ ИШ КАГАЗДАРЫ 13**

4.1. Календардык окуу графиги 13

4.2. Базалык окуу планы 13

4.3. Жылдык жумушчу окуу планы 13


Scanned with CamScanner

4.4. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жогорку билим берүү боюнча дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери 13
4.5. Практикалардын программалары 13
4.6. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы 13
5. ББП ДАЯРДОО БАГЫТЫ ЖЕ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА ФАКТ ТҮРҮНДӨ КАРАЖАТ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ 13
5.1. ББПны ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы 13
5.2. Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы 14
5.3. Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы 14
6. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ МАДАНИЙ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮН КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ОКУУ КУРАМДЫК БӨЛҮМДӨРҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ 15
6.1. Окуу планындагы базалык дисциплиналардын программасына аннотация 15
6.2. ЖОЖ компоненттерине кирген дисциплиналардын программасына аннотация 22
6.3. Жумушчу окуу пландагы элективдүү курстардын программасына аннотация 28
7. ДАЯРДОО БАГЫТЫ ЖЕ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА СТУДЕНТТЕРДИН ББП ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫ 32
7.1. Жетишүүнүн учурдагы текшерүү жана аралык аттестация 32
7.2. ББПын бакалавр баскычында бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо 32

Scanned with CamScanner

## 1. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### 1.1. 531600 Теология багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы

531600 Теология багыты боюнча ББП Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-ж. 30-апрелдеги "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-ж. 21-сентябрдагы № 1578/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

ББП Теология багыты боюнча академиялык "бакалавр" баскычындагы адистерди даярдоого багытталат. ББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, окуу процессин ишке ашыруунун технологияларын, шарттарын регламенттештирет жана адистерди даярдоонун сапатын баалоону аныктап, өз ичине: окуу планын, окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана адаптациялык-педагогикалык, профилдик-базалык, кесиптик-профилдик жана квалификация алдындагы практикалардын окуу-методикалык мазмундагы документтерин ичине камтыйт.

531600 Теология багыты боюнча ББП бакалавр баскычында адистерди даярдоо "Дин таануу жана жалпы билим берүү" кафедрасы тарабынан ишке ашырылат.

### 1.2. ББПда колдонулган терминдер

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартындагы терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасы тарабынан бекитилген тартипте кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык документтерге ылайык колдонулат:

- ***негизги билим берүү программасы*** – тийиштүү багыт боюнча даярдоодо билим берүү процессин ишке ашырууну уюштуруу жана анын мазмунун, күтүлүүчү натыйжаларды, максаттарды аныктаган окуу-усулдук документациялардын жыйындысы;
- ***даярдоо багыты*** – фундаменталдык жактан даярдоодо жалпы биригүүнүн негизинде жогорку кесиптик билими (адистерди, бакалаврларды, магистрларды) менен ар түрдүү профилдеги кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- ***профиль*** – кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнө жана (же) объектисине карата билим берүү программасынын негизги багыттуулугу;

Scanned with CamScanner

- ***дисциплиналардын цикли*** – окутуунун, тарбиялоонун бекитилген жыйынтыктарына жана максаттарына карата логикалык жактан белгилүү бүтүндүккө ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окутулуучу сабактарынын жыйындысы;
- ***модуль*** – окутуунун, тарбиялоонун бекитилген жыйынтыктарына жана максаттарына карата логикалык жактан белгилүү бүтүндүккө ээ болгон окутулуучу сабактардын бир бөлүгү;
- ***компетенция*** – тийиштүү тармактагы кесиптик ишмердүүлүккө окуу үчүн зарыл жеке сапаттардын, билимдин, шыктуулуктун жана көндүмдөрдүн динамикалык айкалышы;
- ***бакалавр*** – 4 жылдан кем эмес ченемдик окуу мөөнөтүндө жогорку кесиптик билимдин тиешелүү негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын жыйынтыктары боюнча ыйгарылуучу академиялык даража жана ал ага ээ болгондорго белгилүү кесиптик ишмердүүлүк менен иш алып барууга же тиешелүү багыт боюнча «магистр» академиялык даражасын алуу үчүн билим алууну улантууга укук берет;
- ***магистр*** – 2 жылдан кем эмес ченемдик окуу мөөнөтүндө жогорку кесиптик билимдин негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн жана тийиштүү багыт боюнча бакалавр академиялык даражасына ээ болгон адамдарга аттестациянын жыйынтыктары боюнча ыйгарылуучу академиялык даража жана ал ага ээ болгондорго белгилүү кесиптик ишмердүүлүк менен иш алып барууга же аспирантурада билим алууну улантууга укук берет;
- ***кредит (зачеттук бирдик)*** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек көлөмүнүн шарттуу ченеми;
- ***окутуунун натыйжалары*** – негизги билим берүү программасы\модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында жеткен иш билгиликтер;

**1.3. ББПда колдонулган кыскартуулар**

531600 Теология багыты боюнча НББПда төмөнкүдөй кыскартуулар каздешет:

***МББС*** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;

***ЖМКББ*** – Жогорку кесиптик билим берүү;

***НББП*** – Негизги билим берүү программасы;

***ОМК*** – Окуу методикалык комплекс;

***НББПДЦ*** – Негизги билим берүү программасындагы дисциплиналар циклы;

***ECTS*** – Европа кредит ташуу системасы (European Credit Transfer and Accumulation System);

***ЖМК*** – жалпы илимий компетенциялар

***ИК*** – инструменталдык компетенциялар

Scanned with CamScanner

***СЛК*** – социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар
***КК*** – кесиптик компетенциялар
***ОН*** – окутуунун натыйжалары
***ОМ*** – окутуунун максаты

### 1.4. 531600 Теология багыты боюнча бакалавр баскычындагы адистерди даярдоонун ББП иштеп чыгуудагы нормативдик документтер

НБППнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзүп турат:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы (№179 11-август 2023-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2025-ж. 10-июнунда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 329 жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-ж. 21-сентябрдагы № 1578/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (ГОС);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- КИУнун Уставы.

## 2. АДИСТИК БОЮНЧА ББПдагы БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ

531600 Теология багыты боюнча бакалаврдын кесиптик ишмердигинин мүнөздөмөсү ЖМКББ Мамлекеттик стандартында белгиленген.

### 2.1.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү

531600 Теология багыты боюнча (бакалавр) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- Жалпы орто билим берүү жана орто кесиптик билим берүү мекемелери (орто мектептер, гимназиялар, лицейлер ж.б.);
- Жогорку билим берүү мекемелери, маданият жана ЖМК мекемелери, диний проблематика менен байланыштуу академиялык жана илимий изилдөө уюмдары; диний бирикмелер менен өз ара кызматташкан мамлекеттик жана муниципиалдык мекемелер;

### 2.2.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектилери

531600 Теология багытында бакалавр академиялык даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөрдүн ишмердик объектилери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

Scanned with CamScanner

- жалпы орто жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуган окуучуларга таалим-тарбия берүү;
- окуу жараянына консультация берүү, аны технологиялык жактан камсыздоо жана уюштуруу;
- музей экспонаттарын иштеп чыгуу жана баяндап жазуу, эскурсияларды башкаруу.
- диний жана дин таануга тиешелүү материалдардын жана китепкана, архимвдердеги адабияттардын каталогун түзүү;
- диний материалдар боюнча ЖМКга консультация берүү, иштеп чыгуу жана аларга материал берүү;
- басмаканаларда диний жана дин таанууга тиешелүү адабияттарга жалпы жана илимий редакция жүргүзүү;
- тийиштүү мамлекеттик жана муниципиалдык органдардын ишмердүүлүгүнүн чегинде диний уюмдар менен кызматташууну жүзөгө ашыруу;

**2.3.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин түрлөрү**

531600 Теология багыты боюнча бакалавр төмөндөгүдөй кесиптик ишмердигинин түрлөрүнө даяр болот:

- илимий-изилдөөчүлүк;
- педагогикалык;
- уюштуруу-башкаруучулук

**2.4.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери:**

531600 Теология багыты боюнча бакалавр адиси өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй маселелерди чечүүгө тийиш:

***илимий-изилдоочулук ишмердиги багытында:***

- теология, теологиялык жана дин таануу дисциплиналары тармагында кесиптик билимдин мазмунуна ээ болуу;
- теология, теологиялык жана дин таануу дисциплиналары тармагында кесиптик-профилдүү билимдин мазмунуна ээ болуу;
- электрондук каражаттардын жана китепкана каталогдорунун жардамы менен теология, теологиялык жана дин таануу дисциплиналары тармагындагы керектүү маалыматтарды издөө жана табууга жөндөмдүү болуу;

***педагогикалык ишмердиги:***

- лекциянын, сабактын жана педогогикалык ишмердиктин башка формаларынын жүрүшүндө өздөштүрүлгөн билимди логикалык жана ырааттуу түрдө жүзөгө ашыруу менен жалпы орто билим берүүчү мектептерде, лицей жана гимназияларда коом таануу курстарын, ошондой

Scanned with CamScanner

эле дин таануу дисциплиналарын (диндердин тарыхы, дүйнөлүк диндердин негиздери, конфессионалдык теология, дин философиясы, дин психологиясы ж.б.) окутуу;

•мектеп окуучулары менен байланышта болуп, окуткан сабагы жана өлкөдөгү коомдук, саясий жана маданий абал жөнүндө ар түрдүү суроолор боюнча алар менен баарлашуу, дискуссия жүргүзүү; бул боюнча өзүнүн позициясын айтуу жана аны аргументтөө;

•кезектеги сабакка даярдануу, өтүлгөн материалдар боюнча текшерүү жүргүзүү жана окуучулардын билимин баалоо;

•окуу жараянынына психологиялык-педогогикалык жактан таасир этүү жөндөмүнө ээ болуу;

•өзүнүн педагогикалык ишмердигин максатка ылайык уюштуруу жана пландоодо, турмуштук стратегияларды калыптандырууда жана өндүрүштүк маселелерди чечүүдө алган билимин колдоно билүү;

***уюштуруу-башкаруу ишмердиги:***

- организациялык жана организациялык эмес контексттерде эффективдүү түрдө кызматташуу; эл аралык контекстте иштөө;
- кызмат ишине байланыштуу кат алышуу жөндөмүнө ээ болуу;

## 2.5.ББПны ӨЗДӨШТҮРҮНҮҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА КАЛЫПТАНГАН БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ

### 2.6. 531600 Теология багыты боюнча ББПын максаттары

Теология багытында "бакалавр" академиялык баскычындагы адистерди даярдоодо төмөнкү **максаттар** аныкталган:

М-1. Студенттердин окуу учурунда алган теориялык билимдерин практикада жана өз ишинде натыйжалуу колдоно билүүсүн камсыз кылуу.

М-2. Студенттерди маданий жана этикалык баалуулуктарды сыйлаган, мыйзамдарды сактаган жана коомдо өзүн туура алып жүргөн жоопкерчиликтүү адис катары калыптандыруу.

М-3. Эмгек рыногунда талап кылынган, педагогика тармагында, мамлекеттик жана коомдук уюмдарда, ошондой эле диний чөйрөдө ийгиликтүү иштей ала турган атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо.

Scanned with CamScanner

### 2.7. 531600 Теология багыты НББПын окутуунун натыйжалары

| № | *Окутуунун натыйжасы* | *Компе тенция лар* |
|---|---|---|
| **ОН-1** | Гуманитардык жана табигый илимдердин негизги жоболорун өздөштүрүү менен азыркы коомдо туура багыт алууга жөндөмдүү. | *ЖК-1;* ИК-1; ИК-2; ИК-3; СИЖМК-1 |
| **ОН-2** | Маалыматтык технологияларды жана программалык каражаттарды кесиптик ишмердүүлүктө натыйжалуу колдонууну билет. | КК-2; КК-3; КК-10 |
| **ОН-3** | Окуу-тарбия жана билим берүү процесстерин пландаштырууга жана уюштурууга катыша алат. | *КК-5;* КК-7 |
| **ОН-4** | Кесиптик чөйрөдө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн методологиясын жана жол-жоболорун өздөштүрө алат. | КК-2; КК-3; КК-4 |
| **ОН-5** | Өз тармагында эксперттик, кеңеш берүүчүлүк жана өкүлчүлүк милдеттерин аткарууга даяр. | КК-13; КК-14 |
| **ОН-6** | Уюштуруу жана башкаруу иштерин жүргүзүү, командада иштөө жөндөмүнө ээ. | *КК-10;* КК-7 |
| **ОН-7** | Мамлекеттик, расмий жана чет тилдеринде кесипкөй деңгээлде эркин пикир алыша алат. | ИК-1 |
| **ОН-8** | Коомдук мамилелерде адам укуктарын сыйлоо, толеранттуулук жана маданияттар аралык диалог куруу принциптерин карманат. | КК-11; КК-13; КК-14 |
| **ОН-9** | Өз ишине сын көз менен баа берип, кемчиликтерди түзөтүүгө жана кесиптик өсүүсүн пландаштырууга жөндөмдүү. | КК-6; КК-7; КК-14 |
| **ОН-10** | Теологиялык базалык билимдерди жана анын усулдарын социалдык-практикалык ишмердүүлүктө активдүү колдоно алат. | *КК-10;* КК-11; КК-12 |

Scanned with CamScanner

**2.8. Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы:**

| Окутуунун натыйжа-жалары / Максаттар | ОН-1 | ОН-2 | ОН-3 | ОН-4 | ОН-5 | ОН-6 | ОН-7 | ОН-8 | ОН-9 | ОН-10 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ОМ-1** | + | + | + | | | | + | | + | + |
| **ОМ-2** | | | | + | + | + | + | + | + | + |
| **ОМ-3** | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |

**2.9. 531600 ТЕОЛОГИЯ багыты боюнча "бакалавр" академиялык даражасына ээ болуучу бүтүрүүчү төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болот:**

**а) универсалдуу:**

*жалпы илимий (ЖК):*

ЖК-1 - курчап турган чөйрө жөнүндөгү илимий билимдерин колдоноо билүүгө жана сын берүүгө жөндөмдүү;

инструменталдык (ИК):

ИК-1 - жумуш жана окутуу тармагында мамлекеттик, расмий жана дагы бир чет тилинде ишке байланыштуу болгон баарлашунуу жүргүзө алууга жөндөмдүү;

ИК-2 - жумуш жана окутуу тармагында татаал маселелерди чечүү үчүн маалымат технологияларын пайдаланып жаны билимдерди өздоштүрө жана колдоно алууга жөндөмдүү;

ИК-3 - кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимдерин жана тажрыйбаларын колдоноо билүүгө жөндөмдүү;

*социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык (СИЖМК):*

СИЖМК-1 - жеке адамдын же жамааттын кесиптик ишмердүүлүктөрүндөгү максаттарына жетүүсүн камсыздого жөндөмдүү;

**б) кесиптик (КК):**

илим-изилдөөчүлүк ишмердиги:

КК-1 - жогоруураак квалификациялуу адистин жетекчилиги астында теологиялык жана сабактар аралык изилдөөлөргө катышууга жөндөмдүү, анын ичинде:

Scanned with CamScanner

КК-2 - изилдөөнүн темасы боюнча илимий маалыматты чогултууга, анализдөөгө, классификациялоого жана систематизациялоого жөндөмдүү;
КК-3 - илимий отчетторду, ачыктама каттарды тузүү, илимий обзорлорду, аннотацияларды даярдоого, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча рефераттарды жана библиографияларды тузүүгө жөндөмдүү;
КК-4 - семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, илимий-изилдөө долборлордун ишине катышууга жөндөмдүү;
педагогикалык ишмердиги:
КК-5 - аргандай аудиторияларда заманбап реалдуулуктарды, муктаждыктарды жана күтүлгөн ахвалдарды эске алууга менен актуалдуу формада теология жана рууханий-нравалык маданиятка билимдерин колдонууга жөндөмдүү;
КК-6 - билим берүү программаларын иштеп чыгууга жөндөмдүү;
КК-7 - руханий-нравалык жана патриоттук тарбия маселелерин чечүүгө жөндөмдүү;
КК-8 - маданият, искусство мекемелериндеги, массалык маалымат каражаттарындагы агартуучулук ишмердике жөндөмдүү ;
КК-9 - конфессиялардын окуу-трабия жана агартуучулук ишмердигин камсыздоого катышууга жөндөмдүү;
КК-10 - традициялык билим берүү технологияларын жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окуу процессинде (окутуунун заманбап технологиялары) колдонууга ; жөндөмдүү
уюштуруу-башкаруучулук ишмердиги:
КК-11 - коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө, диний, этникалык жана улуттук жаатында конфликтерди, экстремизм, терроризм жана диний группалардын башка деструктивдик иштерин алдын алуу жана каршылык көрсөтүү чөйрөсүндө маселелерди чечүү үчүн теологиялык боюнча алган билимин колдонууга жөндөмдүү;
КК-12 - коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө мамлекеттик-конфессионалдык жана коомдук-конфессионалдык биргеликте аракеттешүүсүн теоретикалык жана практикалык камсыздоого катышууга жөндөмдүү;
КК-13 - кесиптик маселелерди чечүүдө иштерди уюштурууга жана пландаштырууга жөндөмдүү;
КК-14 - кесиптик функцияларды ишке ашырууда жардамчы административтик башкаруу персоналы ирээтиндеги ишке жөндөмдүү.

Scanned with CamScanner

## 2.10. Дисциплиналардын компетенциялар картасы

## Дисциплиналардын компетенциялар картасы

| № | Дисциплина-лар | ЖК-1 | ИК-1 | ИК-2 | ИК-3 | СИЖМК-1 | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК-4 | КК-5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | КК-11 | КК-12 | КК-13 | КК-14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | Орус тили | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Чет тили (Англис тили) | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Манас таануу | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | Философия | + | | | | + | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | Кыргызстан тарыхы | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | Кыргызстан географиясы | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | Атайын максаттар үчүн чет тилин окутуу (Араб тили) | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9 | Педагогика | | | | | | | | | | + | | + | | | | | | | |
| 10 | Математика | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11 | Информатика | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12 | Экология | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13 | Азыркы табият таануунун концепциялары | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14 | Маалыматтык технологиялардын негиздери | | | + | | | | | | + | | | | | + | | | | | |
| 15 | Ислам экономикасына киришүү | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | |
| 16 | Исламдагы мурас (Фараиз) | | | | | | | + | | | | | | | | | | | | |
| 17 | Исламдагы логика жана аргументация теориясы (Мантык) | | | | | | + | | | | | | | | + | | | | | |
| 18 | Араб тили | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 19 | Ыйык китепти үйрөнүү (Куран үйрөнүү) | | | | | + | | | | | | + | | | | | | | | |
| 20 | Ишеним окуусу (Акыйда) | | | | | | | | | | | | + | | | | | | | |
| 21 | Ислам юриспруденциясы (Фикх ибадат) | | | | | | + | + | + | | | | | | | + | | | | |
| 22 | Пайгамбардын өмүр таржымалы (Сиро) | | | | | | | | | | | | + | + | | | | | | |
| 23 | Ыйык айтылыштарды үйрөнүү (Хадис) | | | | | | + | + | | | | + | | | | | | | | |
| 24 | Диндер тарыхы | | | | | | + | | | | | | | | | + | | + | | |
| 25 | Ислам этикасы | | | | | | | | | | | + | + | | | | | | | |
| 26 | Элдик каада-салттар жана Ислам | | | | | | | | | | | + | + | | | | | | | |
| 27 | Араб тилинин морфологиясы (Сарф) | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 28 | Куран таануу (Улум аль-Куран) | | | | | + | + | + | | | | | | | | | | | | |
| 29 | Диний мектептер жана агымдар | | | | | | + | | | | | | | | | + | | + | | |
| 30 | Араб тилинин грамматикасы (Нахву) | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 31 | Ислам укугунун тарыхы | | | | | | + | + | + | | | | | | | + | | | + | |
| 32 | Ислам укугунун теориясы жана методологиясы | | | | | | + | + | + | | | | | | | + | | | + | |
| 33 | Куран чечмелөөсү (Тафсир) | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | |
| 34 | Ислам тарыхы | | | | | | | | | | | | | | | + | | + | | |
| 35 | Ислам фикхы (Ахвал шахсиййа, Фикх муамаламат, Укубат) | | | | | + | + | | + | | | | | | | + | | | | |
| 36 | Араб диалогу (Хивар) | | + | | | + | | | | | | | | | | | | | | |
| 37 | Хадис таануу (Улум аль-Хадис) | | | | | | + | + | | | | + | | | | | | | | |
| 38 | Дин социологиясы | + | | | | + | | | | | | | | | | | | | | |
| 39 | Ислам философиясы | + | | | | + | | | | | | | | | | | | | | |
| 40 | Стилистика (Балага) | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 41 | Ислам педагогикасы | | | | | | | | | | + | | + | | | | | | | |
| 42 | Ислам психологиясы | | | | | | | | | | + | | + | | | | | | | |
| 43 | Исламдагы мыйзам чыгаруу негиздери (Усуль аль Ифта) | | | | | + | + | + | + | | | | | | | | | | | |
| 44 | Риторика (Усуль даъва) | | | | | + | | | | | | + | | | | | | | | |

Scanned with CamScanner

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 45 | Окуу-таанышуу такшалмасы | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | + |
| 46 | Өндүрүштүк (Кесиптик) такшалма | | | | | | + | + | + | + | + | | | | | | | | | |
| 47 | Квалификациялоонун алдындагы такшалма | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | + | + |

## 2.11. НББПны ИШКЕ АШЫРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН РЕГЛАМЕНТТЕШТИРҮҮЧҮ ЖАНА УЮШТУРУУЧУ ИШ КАГАЗДАРЫ

**2.11.1.1.1. Календардык окуу графиги**

*Тиркеме 1*

**2.11.1.1.2. Базалык окуу планы**

*Тиркеме 2*

**2.11.1.1.3. Жылдык жумушчу окуу планы**

*Тиркеме 3*

**2.11.1.1.4. Студенттин жекече окуу планы**

*Тиркеме 4*

**2.11.1.1.5. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жогорку билим берүү боюнча дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери**

*Тиркеме 5*

**2.11.1.1.6. Практикалардын программалары**

*Тиркеме 6*

**2.11.1.1.7. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы**

*Тиркеме 7*

## 2.12. ББП ДАЯРДОО БАГЫТЫ ЖЕ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА ФАКТ ТҮРҮНДӨ КАРАЖАТ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ

### 2.12.1. ББПны ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы

531600 Теология багыты боюнча адистерди даярдоону жогорку квалификацияга ээ профессордук-окутуучулук курамы ишке ашырат, алардын арасынан: 2 профессор, 4 доцент, 1 доцент м.а., 13 окутуучу.

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Илимий даражасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Ормушев А.О | профессор | т.и.д. |

Scanned with CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | Мендибаев Н.М. | профессор | с.и.д. |
| 3. | Тагаев М.К. | доцент | окутуучу теол.и.д. (PhD) |
| 4. | Алмаматов А.А. | доцент | окутуучу теол.и.д. (PhD) |
| 5. | Эргешов Э.К. | доцент | окутуучу теол.и.д. (PhD) |
| 6. | Орозобеков К.Ж. | Доцент м.а | окутуучу теол.и.д. (PhD) |
| 7. | Садыкова Г.Э. | доцент | доцент мад.и.к. |
| 8. | Койлубаева Н.К | доцент | доцент пед.и.к. |
| | Ташматов С.Дж | доцентин м.а. | ага окутуучу теол.и.д. (PhD) |
| 9 | Гульмуродов С.И. | доцентин м.а. | доцентин м.а. |
| 10 | Расуль Иблла к.Д | ага окутуучу | ага окутуучу |
| 11 | Касымова Г.А | ага окутуучу | ага окутуучу |
| 12 | Дубанаев А.Х. | окутуучу | окутуучу |
| 13 | Осмоналы к А | окутуучу | окутуучу |
| | | | |

Scanned with CamScanner

**2.12.2.Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы**

Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы үчүн факультетте 40 орундуу окуу залы жана 8 абоненттик бөлүмү бар китепкана иш алып барат. Факультеттин китепканасынын фонду – 30370 даананы түзөт. Китеп менен камсыздоо коэфиценти орточо эсеп менен 1,08 түзөт. Бул көрсөткүч нормадан жогору болуп эсептелет (норма боюнча – 0,5).

**2.12.3.Окуу-процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы**

НББП ишке ашырууда окуу процессинин бардык формаларын уюштуруу үчүн материалдык-техникалык базага ээ, ошондой эле санитардык жана өрт коопсуздугун эске алган шарттары бар. Бакалавр программасын ишке ашырууда минималдуу зарыл болгон материалдык-техникалык базага төмөнкүлөр кирет:

**2.12.4.** Окуу корпусу Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу Гоголь көчөсү, №57де жайгашкан 2 кабаттуу имарат (жалпы аянты – 4809 кв.м. ар бир студентке 5,16 м.кв. туура келет)

**2.12.5.** 22 аудитория, 2 окуу залы, 1 китепкана

**2.12.6.** интернет тармагына туташтырылган заманбап компьютерлер менен жабдылган 2 кабинет (компьютердик класс, лингофон залы)

**2.12.7.** 1чоң актылык зал

**2.12.8.** 2 даана видеопроектор, 4 электронный панель

**2.12.9** 3 даана ксерокөчүрмө-сканер-принтер аппараттары

**2.12.10.** 15 даана принтер

**2.12.11.** компьютерлер (деканат жана кафедраларда 15 даана, компьютердик класста 24 даана).

Студенттер Интернет тармагына кенен туташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана өз алдынча иштерди аткарууда, сабактарга даярданууда пайдаланышат.

**2.12.12. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ МАДАНИЙ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮН КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ОКУУ КУРАМДЫК БӨЛҮМДӨРҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

**2.12.13. Окуу планындагы базалык дисциплиналардын программасына аннотация**

**Кыргыз тили жана адабияты**

1. **Кыргыз тили предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттердин мамлекеттик тилде кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө, жазуу, окуу, угуу) өстүрүү;

- алган билим, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктөрүндө туура пайдаланууга көнүктүрүү
- кыргыз элинин маданий баалуулуктары менен тааныштыруу жана түшүнүктөрүн тереңдетүү:

Scanned with CamScanner

- аталган дисциплина аркылуу мекенчил болууга, эли-жерин сыйлоого тарбиялоо. Ошондой эле Кыргыз эл акындарын, жазуучуларын жана алардын чыгармаларын билүү менен бирге, адабий тилдин нормасынын негизинде сүлөгөн, кыргыз элинин материалдык жана моралдык баалуулуктарын сыйлаган, патриот жаштарды калыптандыруу.

2. **ББПдагы орду:** ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б1-1.1), (8 кредит – 240

саат)

3. **Кыскача мазмуну:** Жалпы жана терминологиялык мүнөздөгү 2000 сөз, сөз айкашы

көлөмүндө лексикалык минимум. Колдонуусуна жараша лексикалык айырмалоо (турмуш-тиричилик, терминологиялык, официалдуу ж.б.). Тилдин негизги закон ченемдүүлүктөрү жөнүндө түшүнүк. Эркин жана туруктуу сөз айкаштары, фразеологиялык бирдиктер жөнүндө түшүнүк. Сөз жасоонун негизги ыкмалары жөнүндө түшүнүк. Байланыштуу кепти оозеки жана жазуу түрүндө түзүүгө талап кылынган негизги грамматикалык каражаттар жөнүндө түшүнүк. Сүйлөө. Маек, жеке кеп салуу формасында эң керектүү жана жөнөкөй лексикалык, грамматикалык каражаттарды колдонуу менен негизги байланыштуу кырдаалдарында пикирлешүү жана оюн баяндоо. Окуу. Турмуш-тиричилик жана мекен таануу тематикасындагы жана кесипке байланыштуу текстти окуп түшүнүү. Жөнөкөйлөнүштүрүлгөн көркөм тексти окуп түшүнүү. Жазуу. Диктант, изложение, чакан сочинение, билдирүү, кат, өмүр баян. Кыргыз эле акындары менен жазуучулары жана алардын чыгармалары окуп үйрөтүү

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ИК-1, ИК-4.**

**Англис тили**

1. **Англис тили предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Дүйнөлүк тил катары англис тилин үйрөнүү,кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө,жазуу,окуу,угуу) бүгүнкү дүйнөлүк тилдик талаптарга ылайык жүргүзүү.Англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмүндүүлүктөрүн арттыруу: интелектуалдык потенциялын билимин жана билгичтерин Кыргызстандын ар тараптан өнүгүшү үчүн жүзөгө ашырууга даяр экендигин тарбиялоо, өлкө үчүн болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.
2. **ББПдагы орду:** ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б1-1.2), 4 кредит – 120

саат.

Scanned with CamScanner

литературы. Основные особенности научного стиля. Говорение. Диалогическая и монологическая речь с использованием наиболее употребительных и относительно простых лексико-грамматических средств в основных коммуникативных ситуациях неофициального и официального общения. Основы публичной речи (устное сообщение, доклад). Чтение. Виды текстов: несложные, прагматические тексты, тексты по широкому и узкому профилю специальности. Письмо. Виды речевых произведений: аннотация, реферат, тезисы, сообщение, частное письмо, деловое письмо, биография.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Орус тили» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-2, ИК-2, ИК-4.**

**Кыргызстан тарыхы**

1. **Ата мекен тарыхы предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студент кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхын эң байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейинки коомдук – экономикалык, саясий жана маданий тарыхын билүүсү шарт.
2. **ББПдагы орду:** ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б1-1.4), 4 кредит – 120

саат.

3. **Кыскача мазмуну:** Тарыхый билимдин пайда болушу, формасы жана кызматы.

Тарыхты үйрөнүүнүн усулдары жана булактары. Тарыхый булак түшүнүгү классификациясы. Тарыхчылар “кыргыз” этноними жөнүндө. Кыргыз элинин келип чыгуусу жана отурукташуусу жөнүндө үч негизги багыттар. Кыргызстан тарыхы – дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Байыркы заман. Сактар, гунндар, усундар. Давань мамлекети. Калк Улуу көчмөн доорунда, Атилла. Мамлекеттин куралышынын негизги этаптары. Байыркы Орусия жана Улуу даража. Түрк каганаты, социалдык жана аскердик түзүмдүн өзгөчөлүктөрү. Кыргыз мамлекети жана улуу держава. Караханий каганаты, Исламды кабыл алышы. Шаарлар, илим, адабият (Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари). Улуу Жибек Жолу соода сатыгы. Кыргыздар Чынгыз мамлекетинде. 13-14 к. өз ара таасир берүү проблемалары. Темирлан жана орто кылымдагы Европа жана Азия мамлекеттери. Кыргыздардын мамлекеттик – саясий консолидациясы. Тянь-Шанда кыргыздардын этногенез процессинин аякталышы. Кыргызстан 16-17 к. башында.

Кыргызстан жана Кокон хандыгы, Кокон хандыгындагы коомдук-саясий жашоосундагы кыргыз феодалдарынын ролу. Акбото бий, Курманжан Датка. Россия менен элчилик – дипломатиялык байланыштар. Россиянын курамында. Кыргызстан – Россия империясынын колониясы. Жаңы административдик территориалдык башкармалык, налогдор, жер саясаты.

Scanned with CamScanner

Кыргызстандагы өнөр жайлардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү. Орус маданияты 19-к. жана анын дүйнөлүк маданиятка салымы. Дүйнөлүк тарыхтагы ХХ жүз жылдыктын ролу. Революция жана реформалар. Улуттук жана улуттар аралык кагылышуулар. Кыргызстан 1-дүйнөлүк согуш учурунда. Улуттук-боштондук үчүн күрөш 1916-ж. Октябрь рефолюциясы 1917-ж. жарандык согуштун этаптары. 20-жылдардагы өлкөнүн социалдык- экономикалык өнүгүүсү. Улуттук мамлекеттик курулуш программасы. НЭП. Жер-суу реформасы. Бир партиялык саясий режимин түзүү. СССР жана КССР түзүлүүсү. 30-жылдардагы социалдык-экономикалык кайра түзүлүү. Репрессия. Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согушта (1941-1945жж.). Фронтто жана тылда. 1945-1960-жж. Кыргызстандын коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Кыргызстан 1960-1985-жж. коомдо жана экономикада кризистин курчалып өсүүсү. КССР СССРдин кайра курулуу жылдарында (1985-1991-жж.). СССРдин таркашы. Эгемендүү Кыргызстан. Кыргызстан социалдык-экономикалык реформалоо жолунда. Кыргыз Республикасынын маданияты. Жаңы геосаясий абалдагы тышкы саясий ишмердүүлүктөр.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Ата мекен тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, СЛК-1, СЛК-3, КК-12.**

**Манас таануу**

1. **Манас таануу предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Манас эпосунун кыргыз элинин тарыхый, маданий, салттык маани-маңызын жана кыргыздардын дүйнө таанымын таанытуу.
2. **ББПдагы орду:** ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б1-1.5), 2 кредит – 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** "Манас" эпосунун келип чыгышы тууралуу: "элдик эпос" термининин аныктамасы. "Манас" эпосунун пайда болушу, "Манас" эпосу тарыхый летопистерде. Манас таануу – азыркы замандагы илим катары. Манас таануу Совет доорунда: "Манас" эпосунун варианттары: филологиялык жана тарыхый илимдерде "Манас" эпосунун текстологиялык изилдөөлөрү: "Манас" эпосунун текстинин басмадан чыгарылуусу: манас таанунун өнүгүүсүнө мамлекеттик идеологиянын таасири. "Манас" эпосундагы салттык сюжеттер жөнүндө: "Манас" эпосунун салттык сюжети, "Манас" эпосунун салттык сюжетинин өзгөрүлүп жана бурмалануусунун себептери. Кыргыздардын дүйнө таанымы жана манас айтуу искусствосу, манасчы: кыргыздардын дүйнө таанымында; кыргыз рухунун түрлөрү, манасчылардын магиялык функциялары; манасчыладын түрлөрү; манасчылардын феноменалдуулугу; алардын кыргыздардын жашоосундагы орду жана ролу.

Scanned with CamScanner

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Манас таануу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-2, ИК-1, СЛК-2.**

**Кыргызстандын географиясы**

1. **Кыргызстандын географиясы предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерди Кыргызстандын географиясынын негизги максаттары жана маселелери менен тааныштыруу. Аларга Кыргызстандын физикалык жана экономикалык географиясы боюнча маалымат берүү жана алардын практикалык жеке ишмердигинде Кыргызстандын географиясын окуп үйрөнүүдө колдонуунун айрым ыкмаларын калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду**: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет Б1-1.6. (2-кредит, 60 саат)
3. **Кыскача мазмуну: "Кыргызстандын географиясы"**-дисциплинасында Кыргызстандын физикалык, экономикалык жана тарыхый географиясы окутулуп, өлкөнүн географиясынын калыптанышын, кен байлыктарын, рельефин, климатын, ички сууларын, органикалык дүйнөсүн, калкын, өнөр жайын, айыл чарбасын, траспортун, калкынын тарыхый доорлордо жашаган жерлерин, миграциясын, демографиялык проблемаларын, тарыхый жана саясий багытын изилдейт. Геоэкологиялык абалы, саясий экономикалык багытта келечектеги өнүгүүсү окутулуп, жеринин бүтүндүүлүгүн сактап калуу идеясы берилип студенттердин патриоттук сезими ойготулат.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Кыргызстандын географиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-2, ЖМК-5, СЛК-4.**

**Философия**

1. **Философия предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Курчап турган дүйнө жөнүндө системалуу илимий билимге ээ кылуу, дүйнөнүн философиялык, илимий, диний сүрөттөлүшүн жана заманбап концепцияларды, дүйнөлүк көз караштар системасын, адамдын коомдогу жана жаратылыштагы ордун жана ролун түшүндүрүү, жашоонун жана маданияттын баалуулуктарын баалай билүүгө (түшүнүүгө) келечектеги **"Теология"** багытындагы адистиктердеги студенттердин социалдык-инсандык: максатка умтулуу, уюштуруучулук, эмгекчилдик, жоопкерчилик, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук сапаттарын өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу.
2. **ББПдагы орду**: ГСЕ циклындагы базалык бөлүккө кирет Б1-1.7. (4-кредит, 120 саат)
3. **Кыскача мазмуну:** Философия, анын адамдын жана коомдун жашоосундагы ролу. Философиянын тарыхый типтери. Дүйнөнү

Scanned with CamScanner

философиялык түшүнүү: бытие, материя баштапкы категориялар катары. Диалектика жана анын альтернативалары. Диалектиканын мыйзамдары жана категориялары. Философияда адам проблемасы. Аң сезим, анын келип чыгышы жана маңызы. Таанып билүү-философиялык анализдин предмети катары. Илимий таанып-билүү. Коом система катары. Философиялык анализдин негиздери.. Коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрү. Коом тарыхый процесс катары.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Философия» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-2, ЖМК-5, ЖМК-6, СЛК-5.**

**Математика жана информатика**

1. **Математика жана информатика предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерге математикалык жана информатика билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн белгиленген системасын калыптандыруу; Студенттердин айкын чындыкты таанып-билүүнүн математикалык методдоруна ээ болуусуна жардамдашуу; Студенттерди окуучуларды оозеки жана жазма иштерди аткарууда, нукура өздүк сапаттарына (жөнөкөйлүк, дааналык, толуктук, ийкемдүүлүк ж.б.) ээ болгон математикалык жана информатикалык тилде сүйлөөгө үйрөтүү; Студенттердин окуу процессинде жана өз алдынча билим алуусунда активдүү таанып-билүү ишмердиги үчүн пайдаланууга керек болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрүн камсыз кылуучу математикалык жана информатикалык түшүнүктөрдүн минимумун өздөштүрүп алуусуна жардам берүү.

2. **ББПдагы орду:** МЕН циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б2-2.1), 4 кредит – 120саат.

3. **Кыскача мазмуну:** Көптүктөр түшүнүгү. Көптүктөрдүн үстүнөн аткарылуучу амалдар. Комбинаториканын, статистика жана ыктымалдуулук теориясынын элементтери. Скалярдык жана вектордук чоңдуктар. Векторлордун үстүнөн аткарылуучу амалдар. Матрицалар. Матрицанын түрлөрү жана чыгаруу жолдору. Аныктагычтар. Экинчи тартиптеги аныктагычтар. Аныктагычтарды эсептөө. Үчүнчү тартиптеги аныктагычтарды эсептөөнүн Саррус методу. Аныктагычтарды Лапластын методу менен чыгаруу. Тескери матрица. Алгебралык толуктооч. Минор түшүнүгү. Сызыктуу алгебралык теңдемелер системасын чыгаруу. Тескери матрица. Сызыктуу алгебралык теңдемелер системасын чыгаруу Сызыктуу алгебралык теңдемелер системасын чыгаруу Информатика илимине киришүү. Маалымат жөнүндө түшүнүк. Компьютер жана анын алгачкы түшүнүктөрү.Компьютердин өнүгүү тарыхы. Компьютердин

Scanned with CamScanner

архитектурасы. Энелик плата. Программдык жабдык. Системдик программдык жабдык. Кызматтык программдык жабдык (утилиттер). Колдонмо программдык жабдык. Негизги аткарган кызматы жана функциясы. Сактагычтар.Эс жана анын түрлөрү. MICROSOFT WORD жөнүндө маалымат. WORDдо текст жазуунун эрежелери. Текстти иштетүүдө документти калыптоо. MS EXCEL программасы жөнүндө жалпы маалымат. Таблицанын элементтеринин өлчөмүн өзгөртүү. MS Power Point жөнүндө түшүнүк. Текстти MS Power Point ко киргизүү жана оңдоо. Дүйнөлүк желе технологиялары. Электрондук почтанын иштөө принциптери.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Математика жана информатика» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-2, ЖМК-3, ЖМК-5, ИК-5, КК-4, КК-14.**

**Экология**

1. **Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн максаты, күтүлүүчү натыйжалар:** *Экология курсунун ммаксаты* болуп студенттерди негизги экологиялык илимий теориялар жана түшүнүктөр, глобалдык жана регионалдык экологиялык проблемалар менен тааныштыруу аркылуу экологиялык билим берүүнүн зарылчылдыгын ачып көрсөтүү жана курчап турган чөйрөнү коргоо жаатында гармониялуу, интелектуалдуу инсандын калыптануусуна өбөлгө жаратуу саналат.
2. **ББПдагы орду:** МЕН циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б2-2.2), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** 1-главада жеке организмдин (особдордун) орду, ага таасир этүүчү абиотикалык факторлор, аларга жараша организмдин ыңгайлануусу өтүлөт. 2-главада популяция жөнүндө түшүнүк берилип, популяциянын түрлөрү, структуралары мисалдарды келтирүү менен түшүндүрүлөт. Популяцнын өзүнүн санын өзү башкарып туруусуна өзгөчө маани берилет. 3-главада биоценоз, биотоп, биогеоценоз жана экосистема түшүнүктөрү каралат. Андан ары биогеоценоз менен экосистема түшүнүктөрүнүн окшоштуктары жана айырмачылыктары каралат. Бул главанын негизги бөлүгүн биоцеондун структуралары түзөт. Андыктан ага бөлүнгөн окуу жүктөмүнүн негизги бөлүгү жумшалат. Экосистема түшүнүгүн берүүдө Кыргызстандагы негизги экосистемалары мисалдар аркылуу берилет. Экосистема жөнүндө түшүнүк берилгенден кийин экосистемадагы заттардын айлануусу жана энергиянын багыты мисалдар менен бекемделет. 4-главада Биосфера жана анын структуралар жөнүндө түшүнүк берилет. Андан соң биологиялык жана геологиялык заттардын айлануусу мисалдар менен түшүндүрүлөт. Адам жана коом түшүнүгү камтылат. 5-главада социалдык экологияга киришүү сабагы өтүлөт. Мында экологиялык

Scanned with CamScanner

демография жана перспективалары, урбанизациялык процессти башкаруу ж.б. сыяктуу маселелер каралат. 6-главада глобалдык, регионалдык жана локалдык-жергиликтүү экологиялык проблемалар каралат. Анын ичинде Кыргызстандагы болуп жаткан экологиялык проблемаларга өзгөчө басым жасалат. Ар бир студенттин өзүнүн жашаган аймагындагы жергиликтүү проблемаларга баяндама жасоосуна мүмкүнчүлүк берилет. 7-главада экологиялык билим жана тарбия берүүнүн орчундуу маселелери каралат. Семинардык сабактардын тематикасы теориялык курска ылайык түзүлүп, студенттердин окуу жана электрондук адабияттарды пайдалануусу аркылуу уюштурулат.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Экология» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-2, ЖМК-5, СЛК-4.**

**КСЕ**

1. **КСЕ предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерди өз алдынча илим изилдөөсүн, ошону менен бир катарда адабияттар менен ишөөсүн, алынган билимдеринин негизинде аналитикалык, баалоо ж.б. методдорду практикалык түрдө колдоно алуусуна үйрөтүү. Студенттердин жекече касиеттерин калыптандыруу, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.
2. **ББПдагы орду**: МЕН циклындагы базалык бөлүккө кирет Б2-2.3. (2 кредит-60 саат)
3. **Кыскача мазмуну:** Киришүү. "Концепция" латын тилинде *conception* деп айтылып, божомолдоолор, түшүнүктөр системасы деген маанини билгизет, б.а. концепция - жаратылыштагы кубулуштар жөнүндөгү көз-караштын логикалык тыянагы болуп саналат. Ал эми табият таануу жаратылыш жөнүндөгү илимдердин жыйындысы болуп саналат. Аалам концепциясы. Ааламдын жаралышы. Ааламдынгелиоцентрикалык модели. Ааламдагы кагылышуу жана топтолуу. Гравитациялык закон. Ньютондукаалам. Коллапс. Жердеги катаклизм. Күн системасы. Галактика концепциясы. Галактика. Галактиканын эволюциясы. Галактикалардын кыймылы. Ааламдагы «кара тактар». Жер концепциясы. Жердин геологиялык циклдери. Литосфера концепциясы. Материктердин түзүлүшү жана формалары. Литосферадагы плиталар. Концепциялык карама-каршылык. Жер огунун концепциясы. Ландшафттык кабыктын концепциясы. Жаратылыштын закондору. Мейкиндик алкактуулук. Секторлуулук. Азоналдуулук жана интразоналдуулук. Бийиктик алкактуулук. Жердеги суук мезгилдердин алмашуусу. Атмосферанын өнүгүшү. Гидросферанын өнүгүшү. Климатты антропогендик өзгөртүү

Scanned with CamScanner

концепциясы. Эволюциялык концепция. Эволюциянын мейкиндик фазасы. Эволюциялык көз караштын өнүгүү тарыхы. Эволюциянын негизги закондору. Эволюциянын далилдери. Дарвиндик-Уоллестик эволюциялык механизм. Жашоо үчүн болгон күрөштүн формалары. Жаратылыштагы симметриялуулук концепциясы.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «КСЕ» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-4, ЖМК-5, СЛК-4.**

**Араб тили**

1. **Араб тили предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Араб тилинин грамматикасын үйрөтүү менен бирге, тафсир, хадис, фикх (мусулман укугу) сыяктуу предметтерди өздөштүрүүлөрү үчүн студенттерге практикалык негизде араб тилинде эркин сүйлөөнү калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет Б3-3.1, 8 кредит – 240 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Араб тилинин грамматикасы, мааниси жагынан текст үстүндө иштөө жана ирабы (жөндөмөсү). Араб тилинде сүйлөө, сүйлөм түзүү, суроо түзүү, суроого жооп берүү, жазуу, сыпаттар, сандар, саноо, этиштер, бардык темаларга байланыштуу практикалык тексттер.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Араб тили» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ИК-3, ИК-4, КК-1, КК-6, КК-13, КК-17.**

**Ыйык китепти үйрөнүү**

1. **Ыйык китепти үйрөнүү предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Куран китебин тажвид илимиинин негизинде туура, так окууну үйрөтүү .
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б3-3.2), 9 кредит – 270 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Куранды окуп үйрөнүүдө тажвиддин илим катарында өнүгүүсү, курандын тарыхы, курандын башка китептерден өзгөчөлүгү, тажвид, Кыраат илими, Курандын 1-15-параларын жүзүнөн окуу. Ар бир тамганы тажвид эрежесине ылайык туура окуу.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Ыйык китепти таануу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-6, КК-8, КК-9.**

**Ишеним окуусу**

1. **Ишеним окуусу дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерди ишеним окуусу предметинин жана анын методологиясынын негизги терминдери жана түшүнүктөрү менен

Scanned with CamScanner

тааныштыруу жана ислам акыйдасы тармагындагы (келам) аалымдар тарабынан иштелип чыккан ишеним принциптерин аныктоонун жол-жоболору жана ишенимге байланыштуу теориялык билимин калыптандыруу.

2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б3-3.3), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Ишеним окуусу дисциплинасына киришүү. Ыйман, билим жана амал. Ыймандын шарттары. Ислам акыйдасы жаатында жазылган классикалык адабияттар менен таанышуу.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «ишеним окуусу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **СЛК-1, СЛК-3, КК-1, КК-2, КК-8.**

**Ислам юриспруденциясы**

1. **Ислам юриспруденциясы предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерди мусулман укук таануучулар тарабынан иштелип чыккан терминдер, түшүнүктөр жана категориялар менен тааныштыруу. Студенттердин ислам юриспруденциясынын негиздери тууралуу теориялык билимин системалуу түрдө калыптандыруу. Студенттердин ислам юриспруденциянын жалпы теориясынын жана методологиясынын негизинде коомдо кездешкен диний маселелерди кесипкөйлүк жана сабаттуулук менен анализдөө жөндөмүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет Б3-3.4. (6 кредит – 180 саат)
3. **Кыскача мазмуну:** Ислам укугунун методикасы жана системасы. Ислам укугунун тарыхый өнүгүү процесси. Ислам укугунда ижтихад: китеп, сүннөт, ижма, кыяс. Ислам укугунда өкүмдөр; харам, адал, макрух, мубах, мандуп, мустахаб. Ислам укугунда үй-бүлө; нике жана шарттары, махир (аялга берилүүчү материалдык акы), адам укугу, аялдардын укугу, аял-эркектин теңдиги, ажырашуунун шарттары. Муамалат (инсандардын социалдык-экономикалык карым-катнаштары).
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Ислам юриспруденциясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-1, КК-2, КК-3, КК-7, КК-8, КК-9, КК-15, КК-14.**

**Ыйык осуяттарды үйрөнүү**

1. **Ыйык осуяттарды үйрөнүү предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Ислам дининде Курандан кийинки булак катары эсептелген Мухаммед пайгамбардын хадистерин туура жана так үйрөтүү болуп эсептелет. Бул дисциплина аркылуу хадистердин маани-маңызы,

Scanned with CamScanner

иснады (Риваят кылган инсандар) жана белгилүү хадис аалымдардын хадис жыйнактары жана усулдары окутулат.

2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет Б3-3.5. (4 кредит, 6-семестр)
3. **Кыскача мазмуну:** Хадис илиминин пайда болушу, өнүгүшү. Хадис илиминин методикасы; мутеватир, сахих, хасан, зайыф, мавзуъ. Хадис илиминде санад, рави, риваят түшүнүктөрү. Хадис илиминин башка Ислам дисциплиналар менен байланышы; Куран, келам, фикх, тасаввуф. Алгачкы хадис аалымдары жана эмгектери; Имам Бухари *жамиус-сахих*, Имам Муслим *жамиус-сахих,* Имам Тирмизий *сунан*, Ахмад бин Ханбал *аль-муснад*, Имам малим *аль-муватта*. Тандалган хадис жыйнактары; кырк хадис, жүз хадис.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Ыйык осуяттарды үйрөнүү» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-6, СЛК-5, КК-2, КК-3, КК-8.**

**Диндер тарыхы**

1. **Диндер тарыхы предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Диндер тарыхын туура жана так үйрөтүү болуп эсептелет. Анткени, диндерди туура таанып билүү үчүн, анын тарыхын туура үйрөнүү зарыл. Биринчиден хронологиялык негизде эң алгачкы ишенимдер, дүйнөлүк диндер, анын ичиндеги илахий диндер, улуттук диндердин тарыхын жана ишеним, ибадаттарын илимий негизде, объетивдүү түрдө студенттерге үйрөтүү.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б3-3.6), 6 кредит – 180 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Диндердин башатына байланыштуу түрдүүчө көз-караштар. Коомдун өтмүшүндө дин; мифологиялык аң-сезимдер; алгачкы мүнөздөгү диний тажрыйбалар; кландык жана уруулук культтар; Эски доордо политеизм дини; Эски Египет жана Месопотамиянын ишеним жана культтары; антропоморфизмдин эволюциясы (Эски Греция); диндик айкалыш жана бутпарастыктын аягы (Эски Рим). Чыгыш диндери: Индия диндери (ведик культтары, брахманизм). Жайнизм, Индуизм, Буддизм, Зорастризм, Даосизм жана Конфуцинство. Синтоизм. Иудаизм: пайда болуусу, Иудаизм тарыхынын негизги этаптары;

   Иудаизмдин учурдагы агымдары. Ислам: пайда болуусу, Ислам тарыхынын негизги этаптары. Куран, рываят, ишеним негиздери, Калам; шиизим жана суннизм; мистика (суфизм); учурдагы агым жана секталар. Учурурдагы диндер; улантуучулук жана жаңылануучулук, фундаментализм жана модеринзм. Учурда дүйнөдөгү маданий мүнөздөгү конфессиялардын орду.

Scanned with CamScanner

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Диндер тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, КК-10, КК-11, КК-12, КК-14, КК-16, КК-17.**

**Пайгамбардын өмүр баяны**

1. **Пайгамбардын өмүр баяны предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Бул дисциплинанын максаты пайгамбардын өмүр баянын исламга чейинки мезгилден баштап, анын өлүмүнө чейинки мезгил аралыгындагы негизги окуяларга басым жасап жана негизги булактарга таянуу менен окутуу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б3-3.7). 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Мухаммед пайгамбар төрөлгөнгө чейин Арап жарым аралында, анын ичинде Мекке шаарында саясий, экномикалык жана социалдык түзүлүш жана өзгөчөлүктөр. Мухаммед пайгамбардын төрөлүшү, балалык чагы жана пайгамбардык жылдары. Адам катары, пайгамбар катары, мамлекет башкаруучу катары Мухаммед пайгамбардын коомдогу орду.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «пайгамбардын өмүр баяны жана диндер тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-1, КК-8, КК-10, КК-13.**

**Ислам этикасы**

1. **Ислам этикасы предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Жалпылап айтканда предметтин негизгин түзгөн ахлак терминин изилдеп диний жана рационалдык негиздерин салыштыруу. Адеп ахлак жалпылай турган болсок, мүнөз, ички дүйнө, мамиле, көнүмүш адаттар, өз эрки менен жасалган нерселер. Убакыт коом жана культураларга иешелүү болгон түрдүүчө мамилелердин изилденилүүсү анализи, салыштырмалуу ахлактын негизги белгиси туура жана өзгөрбөстүк куралдар жыйындысы.нда адеп-ахлак туура жолду чечүү үчүн бизге жол көрсөтөт. Акыйкат дин болсо, ошол туура жолду бүткүл дүйнөбүз менен кабылдашыбызга жардамчы болот.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (Б3-3.8), 3 кредит – 90 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Коомдогу туура эмес мамилелер, жүрүм-турумдар, көнмүш адаттар, жөрөлгөлөр адеп –ахлак түшүнүктүн ар тараптуу кабылдоо, жоромолдоо, ой жүгүртүүнүн далилдери. Анда өзгөрбөгөн, ар тараптуулукка жол бербеген адеп-ахлактык норма барбы? Эгерде норма болсо, аны кайсыл жерден изилдөө керек? “Жакшылык” жана “жамандык” түшүнүктөрдүн негизги белгилери кантип белгиленет?

Scanned with CamScanner

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Ислам этикасы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-12, КК-13.**

**2.12.13.1.1. ЖОЖ компоненттерине кирген дисциплиналардын программасына аннотация Укук таануу**

1. **Диндер тарыхы предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттердин жарандык жоопкерчиликти жана өздүк нарк-насилди, адептүүлүктү, башка адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, демократиялык укуктук институттарды, укук тартибин урматтоо сезимин тарбиялоо; Студенттердин негизги укуктук принциптер, нормалар жана институттар, Кыргызстандын адамдын жарандык позициясын ишке ашырууга укук берген милдеттерин аткаруу, укуктарын коргоо жана натыйжалуу пайдалануу үчүн зарыл болгон укуктук системасынын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билимдерди өздөштүрүү; Студенттерди өздөштүрүлгөн билимдерди жана ишмердик жол-жоболорду инсандын мыйзамдуу таламдарын жана укуктарын коргоо максатында колдонуу үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ кылуу.

2. **ББПдагы орду**: ГСЕ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (Б1-1.7), 2 кредит – 60

3. **Кыскача мазмуну:** Укук түшүнүгү, белгилери, функциялары. Морал жана укуктун өз ара катышы. Укуктун принциби. Укуктун системасы. Укуктун булактары. Укуктук жактан жөнгө салуу: ишке ашыруу жана колдонуу. Укуктун бузулушу, юридикалык жоопкерчилик. Конституциялык укуктун түшүнүгү, предмети, методу жана субъектилери. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын өнүгүү этаптары. Адамдардын жана жарандардын укуктары жана эркиндиктери. Кыргыз Республикасынын бийлик органдарынын системасы.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу жараянында «Укук таануу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **СЛК-1, СЛК-3, СЛК-5.**

**Мусулман илимпоздорунун табият таануу илимдерине кошкон салымы**

1. **Мусулман илимпоздорунун табият таануу илимдерине кошкон салымы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Ислам маданиятынын негизинде жетишип, дүйнө цивилизациясына салым кошкон негизги мусулман илимпоздорунун илимдеги ачылыштарын туура жана так ачып берүү.

Scanned with CamScanner

2. **ББПдагы орду:** МЕН циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (Б2-2.4), 2 кредит – 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Дин жана илимдин адамзаттын жашоосундагы орду жана ролу. "Дин менен илим келишпес" тезисинин жаңылыштык себептери. Ислам growdininde илим түшүнүгү. Ислам тарыхында башкаруучулардын илимге болгон мамилеси. Ислам ренесансы. Илимге салым кошкон атактуу мусулман илимпоздор.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «мусулман илимпоздорунун табият таануу илимдерине кошкон салымы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-2, ЖМК-6, КК-1, КК-17.**

**Диний ритуалдардын нормалары**

1. **Диний ритуалдардын нормалары предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерди ислам дининдеги ритуалдардын/ибадаттардын маани-маңызы, максаты менен тааныштыруу; Студенттерге ислам дининдеги ритуалдар/ибадаттар жөнүндө теориялык маалымат берүү менен аларды практика жүзүндө да ишке ашыруунун жол-жоболорун үйрөтүү; Студенттердин ислам дининдеги адал-арам маселеси боюнча түшүнүгүн өркүндөтүү.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүк Б3.9. (8 кредит – 240 саат)
3. **Кыскача мазмуну: Дисциплинага киришүү. Диний ритуалдар тууралуу жалпы маалымат:** Дисциплинанын максаты, милдети. Ритуалдын мааниси. Ритуалдардын диндеги орду. Ритуал жана ибадат. Ибадаттын мааниси. Ибадаттардын максаты. **Ибадаттардын принциптери жана ибадаттарга тиешелүү терминдер:** Ибадаттардын негизги принциптери. Ибадаттарга жоопкерчилик. Мукаллаф. Мукаллаф болуунун шарттары. Диний өкүмдөр. Ибадаттардын түзүлүшү менен байланыштуу терминдер. Ибадаттардын аткарылышы менен байланыштуу терминдер. Ибадаттардын туура болушу менен байланыштуу терминдер. Ибадаттардын жеңилдетилиши менен байланыштуу терминдер. **Диний ритуалдар менен тазалыктын байланышы:** Тазалыктын мааниси. Тазалыктын диндеги орду. Тазалыктын түрлөрү. Руханий тазалык. Материалдык тазалык. Хукмий тазалык. Нажасат. Нажасаттын түрлөрү. Оор нажас. Жеңил нажас. Хадас. Тазалыктын ибадаттар менен байланышы. **Даараттын нормалары:** Даараттын мааниси. Даараттын парздары. Даараттын сүннөттөрү. Даараттын макрухтары. Даааратсыз кылынбай турган ритуалдар. Дааратты бузган абалдар. Үзүрлүү адамдын даараты. **Гусул жана таяммумдун нормалары:** Гусул алууну зарыл кылган абалдар. Гусулсуз кылынбай турган иштер. Гусулдун түрлөрү. Гусулдун парздары.

Scanned with CamScanner

Гусулдун сүннөттөрү. Гусул алуунун адеп-тартиби. Таяммум алына турган учурлар. Таяммумдун шарттары. Таяммумдун парздары. Таяммумдун сүннөттөрү. Тайаммумдун алынышы. Таяммумду бузган абалдар. Таяммумга тиешелүү айрым маселелер. **Намаз. Намаздын парздары:** Намаздын мааниси. Намаздын диндеги орду. Намаздын парздары. Намаздын рукундары. Хадастан тазалануу. Нажасаттан тазалануу. Сатрул-аврат. Кыбыла тарапка бет алуу. Убакыт. Ниет. Намаздын шарттары. Ифтитах такбири. Кыям. Кыраат. Руку. Сажда. Акыркы каада. **Намаздын важиптери жана сүннөттөрү:** Намаздын важиптери. Фатиха сүрөсүн окуу. Кошумча сүрөө окуу. Таадилу аркан. Биринчи каада. Каадада аттахият дубасын окуу. Салам айтуу. Намаздын сүннөттөрү. Азан жана каамат айтуу. Кол байлоо. Субхаанака дубасын окуу. Салаваттарды окуу. **Намаздын макрухтары жана намазды бузган абалдар.** Намаздын макрухтары. Танзихан макрух кыймыл аракеттер. Тахриман макрух кыймыл аракеттер. Макрухтардын намазга таасири. Намазды бузган абалдар. Рукун жана шарттардын орундалбашы. Намазда сүйлөө Намазда күлүү. Намазда эч себепсиз эле үн чыгаруу. Амали касир. Намазда жеп-ичүү. **Жамаат менен намаз окуунун жана имамдык кылуунун нормалары:** Жамаат менен намаз окуунун артыкчылыгы жана өкүмү. Жамаатка барбоону мубах кылган себептер. Имамдыктын шарттары. Имамдыкка татыктуу адам .Жамаат менен намаздын окулушу. Аялдардын жамаатка кошулуп намаз окушу. Имамга уюган адам. Мудрик. Масбук. Лахик. Жеке намаз окуп жаткан адамдын жанында жамаат менен намаздын башталышы. Имамга уюган адамдын аткара турган иштери. Жамаат менен намаз окууга тиешелүү айрым маселелер. **Жума жана айт намаздарынын нормалары:** Жума намазынын артыкчылыгы. Жума намазынын окулушу. Жума намазынын шарттары. Кутпанын шарттары жана сүннөттөрү. Айт намаздарынын окулушу жана такбирлери. Айт намаздарынын кутпасы. Ташрик такбирлери. Айт күндөрү мандуп болгон иштер. **Нафил намаздарга тиешелүү нормалар:** Таравих намазы. Тахиятул-масжид намазы. Духа намазы. Аввабин намазы. Тахажжуд намазы. Кусуф намазы. Хусуф намазы. Тасбих намазы. Истихара намазы. Хаажат намазы. Тооба намазы. **Жаназа ритуалдарынын нормалары:** Жаназа тууралуу жалпы маалымат. Жаназаны жуу жана кепиндөө. Жаназа намазынын шарттары, окулушу. Жаназа намазынын сүннөттөрү. Жаназа намазынын окулушу. Шейиттик. **Намазга тиешелүү айрым маселелер:** Сапарда намаз окуу. Намаздардын казасы. Оорулуу адамдын намазы. Саждалар. Сахив саждасы. Тилават саждасы. Шүгүр саждасы. **Орозо. Орозонун шарттары:** Орозонун мааниси. Орозонун диндеги

Scanned with CamScanner

орду жана пайдалары. Орозонун парз кылынышы. Орозонун түрлөрү. Парз орозолор. Важип орозолор. Нафил орозолор. Орозонун парз болушунун шарттары. Орозонун сахих болушунун шарттары. Орозо кармабоого уруксат берилген учурлар. Орозонун фидиясы. **Орозонун макрухтары жана орозону бузган абалдар:** Орозону бузуп каза кылууну талап кылган учурлар. Орозону бузуп казаны да, каффаратты да талап кылган учурлар. Орозону бузбаган учурлар. Орозонун макрухтары. **Итикафтын нормалары:** Итикафтын мааниси. Итикафтын диндеги орду. Итикафтын аткарылышы. Итикафтын бузулушу.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу жараянында «диний ритуалдардын нормалары» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-3, ИК-6, СЛК-5, КК-5, КК-6.**

**Дин таануу дисциплиналарын окутуунун усулу**

1. **Дин таануу дисциплиналарын окутуунун усулу предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Дин сабагын окутуунун негиздери жана усулдары жөнүндө теориялык билимдер жана кесиптик-педагогикалык ык-машыгууларды калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.10), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Диний билим берүү жана дин таануучулук билим берүү. Дин таануу сабагын жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун негиздери. Курак психологиясы жана дин. Медреселердин келип чыгуусу. Өлкөдөгү диндерди таануу жана теологиялык билим берүү бөлүмдөрү. Окутуунун методдору жана аларды тандап алуу. Класстык сабак окуу ишин уюштуруунун негизги формасы. Билимди текшерүү формалары.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «дин таануу дисциплиналарын окутуу усулу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ИК-1, КК-1, КК-3, КК-9.**

**Ыйык китепти талкуулоо**

1. **Ыйык китепти талкуулоо предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерге Куран тарыхын, Курандын чечмеленүүсүнө байланыштуу илимдерди, Тафсир тарыхын, генезисин, Тафсири усулун, өзгөчөлүктөрүн, түрлөрүн, классикалык тафсир жана Куран тексттерин окуп чечмелөөнү туура жана так үйрөтүү.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы базалык бөлүккө кирет (БЗ-3.3), 6 кредит – 180 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Куран тафсири илиминин максаты, актуалдуулугу, тарыхы, булактары жана методикасы. Куран тафсиринин Ислам дисциплиналарындагы орду жана тематикасы: Куран тафсиринин усулу, асбаабу нүзүл, маккий-маданий аяттар,

Scanned with CamScanner

наасих-мансуух, тафсир-таъвил, мухкам-муташабих, мужмал-мубаййан, гариибул Куран, ижаазул Куран, танаасуб жана инсижам, Куран таануу багытындагы окумуштуулар тарабынан даярдалган тафсир тексттери жана айырмалары, алардын Куранды таанып билүүгө кошкон салымдары.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Ыйык китепти талкуулоо» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-2, КК-3, КК-8.**

**Ислам агымдарынын тарыхы**

1. **Ислам агымдары тарыхы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Ислам агымдарынын тарыхы предметинин жана анын методологиясынын негизги терминдери жана түшүнүктөрү менен тааныштыруу. Ислам динындеги ишеним жана амал жаатындагы мектептер (мазхаптар) менен тааныштырып, алардын аталышы, пайда болуу тарыхы жана негизги диний көз караштары тууралуу кеңири маалымат берүү.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.12), 6 кредит – 180

саат.

3. **Кыскача мазмуну:** Ислам агымдарынын тарыхы дисциплинасына киришүү. Мазхаптардын пайда болуусуна таасирин тийгизген окуялар. Алгачкы итикадий жана саясий максатта келип чыккан мазхаптар. Итикадий жана амалий мазхаптар. Ахли сүннөт жана Шиа. Акыркы доорлордо пайда болгон радикал мазхаптар, жамааттар.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «ислам агымдарынын тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ИК-1, КК-1, КК-3, КК-2, КК-7, КК-10.**

**Куран**

1. **Куран предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Кураны карим аяттарын тажвид эрежелерине ылайык туура жана так окуу. Куранды жүзүнөн туура окуу жана белгилүү сүрөлөрдү жаттатуу.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.13), 16 кредит – 480 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Тажвид илими жана генезиси. Куранды жүзүнөн туура жана так окуу, белгиленген сүрөлөрдү жаттоо жана маанилерин түшүндүрүүнү камсыз кылуу. Намаз сүрөлөрүнүн кайталанышы, 78-Небе, 67-мүлк, 36-ясин сүрөлөрүнүн жана курандын башка 3 сүрөсүн жаттоо жана маанилерин үйрөнүү, Курандын 100-200-беттеринин жүзүнөн окулушу. Кыраат илими. Кыраат илиминин генезиси, өзгөчөлүктөрү, түрлөрү.

Scanned with CamScanner

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Куран» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-3, КК-8, КК-17.**

**Дин илимдеринин классикалык тили**

1. **Дин илимдеринин классикалык тили предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Дин илимдеринин тили катары араб тилинин грамматикасын үйрөтүү менен бирге, тафсир, хадис, фикх (мусулман укугу) сыяктуу предметтерди өздөштүрүүлөрү үчүн студенттерге практикалык негизде араб тилинде эркин сүйлөөнү калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (Б3-3.14), 16 кредит – 480 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Араб тилинин грамматикасы, мааниси жагынан текст үстүндө иштөө жана ирабы (жөндөмөсү). Араб тилинде сүйлөө, сүйлөм түзүү, суроо түзүү, суроого жооп берүү, жазуу, сыпаттар, сандар, саноо, этиштер, бардык темаларга байланыштуу практикалык тексттер.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Дин илимдеринин классикалык тили» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ИК-3, ИК-4, КК-16, КК-17.**

**Дин философиясы**

1. **Дин философиясы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Дин жана диний негизги идеаларга рационалдуу, обьективдүү, ар тараптуу жана өтүмдүү ой жүгүртүү жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (Б3-3.15), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Дин философиясынын аныктамасы. Дин философиясынын проблемалары. Кудайдын бар экендигинин далилдери: Онтологиялык, космологиялык, телеологиялык, адеп-ахлактык. Кудай тууралуу түшүнүктөр: Теизм, деизм, пантеизм, панантеизм жана атеизм. Кудайдын сыпаттары. Жамандык проблемасы. Дин тили. Дин жана ахлак. Дин жана илим.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «дин философиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-2, КК-7, КК-12, КК-14.**

**Дин социологиясы**

1. **Дин социологиясы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Жалпы социологиянын теорияларынын негизинде дин социологиясынын предметин, изилдөө метод жана принциптерин үйрөтүү менен бирге диндин коомго жана коомдун динге болгон мамиле таасирин социологиялык аспектиден ачып берүү.

Scanned with CamScanner

2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.16), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Дин социологиясынын изилдөө предметинин жалпы социологиядан айырмачылыгы. Динге социологиялык сереп. Дин жана коомдук институттар. Диний топтор. Диний жамааттар, диний кыймылдардын келип чыгуусу. Диндин коомдук өзгөрүү жана дин. Дин жана мамлекет. Кыргызстанда мамлекеттин дин саясаты.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «дин социологиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-1, КК-2, КК-3, КК-7, КК-12, КК-14.**

**Дин психологиясы**

1. **Дин психологиясы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Дисциплинанын максаты инсандын личностук жашоосундагы диндин орду жана ролу жөнүндө диний психологиялык билимдерге ээ кылуу жана дин чөйрөсүндө коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.17), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Дин психологиясынын изилдөө предметинин жалпы психологиядан айырмачылыгы, динчилдиктин түрлөрү жана формалары, динчилдиктин булактары. Динчилдикке таасир эткен био-психологиялык, социалдык факторлор. Динге кирүү/берилүү жана дин которуунун психологиялык негиздери. Тасаввуф психологиясы.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «дин психологиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК7, КК8, КК9.**

**Ислам тарыхы**

1. **Ислам тарыхы предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерге ислам тарыхындагы негизги орчундуу окуялар, ислам дини тараган географиялык чөлкөм туурасында ***маалымат берүү;*** - Студенттердин ислам цивилизациясынын өнүгүүсү, калыптануусу жана жайылуусу туурасында ***билимдерин өркүндөтүү;*** - Студенттерге Түрк-ислам мамлекеттеринин түптөлүүсү, түрк элдеринин исламдашуу жараяны, түрктөрдүн ислам дининин өнүгүүсүнө кошкон салымы туурасында ***маалымат берүү;*** - Студенттердин ислам мамлекетинин башкаруу системасы, коомдук түзүмү, билим берүү системасы туурасындагы ***билимдерин өркүндөтүү;***
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.18), 4 кредит – 120 саат.

Scanned with CamScanner

3. **Кыскача мазмуну: Ислам тарыхына киришүү.** Ислам тарыхы предметинин окутуунун методикасы жана маанилүүлүгү ошондой эле башка предметтер менен болгон байланышы, дин сөзүнүн маанилери окутулат. Ислам тарыхынын булактары, илим катары калыптанышы колго алынат. **Алгачкы халифанын шайланышы.** Азирети Мухаммед пайгамбар кайтыш болгондон кийинки эң манилүү маселелердин бири анын ордуна кимдин мамлекеттин башкаруучусу катары келе тургандыгы болгон. Азирети Мухаммед пайгамбардын жаназасы учурунда Мединалык Ансарлардын айрымдары араларындан бирөөнү халифа катары дайындоого аттанышат. Негизи мусулмандар ынтымак, биримдикте болуу менен бирге ошол учурдун саясий, социалдык-экономикалык шарттарына жараша төмөнкү төрт көз караштын негизинде халифа шайлоону туура көрүшкөн: **Азирети Абу Бакир доору.** Азирети Абу Бакир доорундагы жортуулдар, исламдан баш тарткандар жана Ыйык Курандын китеп абалына келтирилиши туурасында маалыматтар берилет. **Азирети Умар доору.** Азирети Умар доорунда ислам дининин жайылышы жана ислам мамлекетиндеги башкаруу түзүмүнүн калыптанышы туурасында маалыматтар берилет. **Азирети Усман доору.** Азирети Усман доорунун алгачкы төртүнчү жылындагы жортуулдар жана кийинки жылдарындагы ички козголоңдор жана Азирети Усмандын шейит болуусу туурасында маалыматтар берилет. **Азирети Али доору.** Азирети Алинин халифа болуп дайындалышы жана Жамал, Сыффин согуштарынын себептери, натыйжалары туурасында маалыматтар берилет. **Омеяддар доору (661-750-жж.).** Муавиянын саясий ишмердүүлүгү, Омеяд мамлекетинин түптөлүшү, Кербала окуясынын себеп жана натыйжалары иликтенет. **Омеяд мамлекетинин өнүгүү доору.** Абдулмалик халифа болгондон кийин Омеяд мамлекети өнүгүү жолуна түшөт. Абдулмаликтен кийин уулу Валиддин (705-715-жж.) доорунда да мамлекет өнүгүп, өркүндөп, чек аралары кеңейтилген. **Аббасиддер доору (750-1258-жж.)** Аббасиддер мамлекетинин түптөлүшү, Аббасиддер доорундагы ислам цивилизациясынын өнүгүүсү, илим жана искусство туурасында маалымат берилет. **Андалус Омеяд мамлекети (856-1031-жж.).** Кордованын каратылып алынышы, губернаторлор доору, Кордова халифаттыгы, Андалусиянын ислам маданиятындагы орду, ислам цивилизациясынын батышка тийгизген таасири тууралуу иликтенет. **Түрктөр жана ислам.** Түрктөр менен Мусулмандардын байланышы, Талас салгылашуусу туурасынла маалыматтар берилет. **Түрк ислам мамлекеттери:** Алгачкы түрк ислам мамлекеттери жана түрктөрдүн ислам динине кылган кызматтары туурасында иликтенет. **Улуу**

Scanned with CamScanner

**Селжук мамлекети.** Улууу Селжук мамлекетинин түптөлүшү жана малазгирт согушу, Улуу Селжук мамлекетинде пайда болгон саясий агым Батынийлик туурасында иликтенет. **Осмон мамлекети.** Осмон мамлекетинин түптөлүшү, өнүгүшү туурасында маалыматтар берилет. **Кануний Султан Сулайман доору.** Кануний Султан Сулайман доорундагы маанилүү саясий окуялар туурасында маалыматтар берилет. **Осмон мамлекетинин маданияты.** Осмон мамлекетиндеги ислам маданиятынын өнүгүүсү жана калыптанышы, илим жана искусство, билим берүү мекемелери медреселер туурасында иликтенет.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу жараянында «Ислам тарыхы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1:КК-12: КК-16: КК-17:**

**Ислам философиясы**

1. **Ислам философиясы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Дисциплинанын максаты болочок адистерге ислам философиясы, Аль-Кинди, аль-Фараби, Ибни Сина, аль-Газали, Ибн Рушд сыяктуу философтордун ислам философиясы тарыхындагы орду жана ролу жөнүндө маалымат берүү менен сынчыл ойлом жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.19), 4 кредит – 120 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Ислам философиясынын аныктамасы. Ислам дүйнөсүндө философиялык ойломдун кирүүсү, булактары, тарыхы. Ислам философиясындагы мектептер. Ислам философиясынын түзүмү жана өзгөчөлүгү. Философиялык илимдерджин классификациясы. Аль-Кинди, аль-Фараби, Ибни Сина, аль-Газали, Ибн Рушд жана алардын философиялык көз караштары.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «Ислам философиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **СЛК-1, СЛК-3, КК-1, КК-8, КК12, КК-14.**

**Ислам теологиясы**

1. **Ислам теологиясы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Ислам теологиясын (келам) жана анын методологиясынын негизги терминдери жана түшүнүктөрү менен студенттерди тааныштыруу, ислам дининин ишеним принциптерине байланышкан ар түрдүү маселелерди талкууга алуу жана ишеним жаатындагы мектептер (мазхаптар) менен тааныштырып, алардын негизги диний көз караштарын талдоо.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.20), 4 кредит – 120 саат.

Scanned with CamScanner

3. **Кыскача мазмуну:** Ислам теологиясынын аныктамасы. Ислам теологиясынын проблемалары. Билим, зат, материя жана инсан түшүнүктөрү. Ислам мазхаптарынын кыскача тарыхы. Ыйман, билим жана амал. Алланын сыпаттары. Ыймандын шарттары. Инсан жана тагдыр. Калам илиминин учурдагы проблемалары.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «ислам теологиясы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **СЛК-1, СЛК-3, КК-1, КК-2, КК-3, КК-8.**

**Хадис**

1. **Хадис предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Ислам дининде Курандан кийинки булак катары эсептелген Мухаммед пайгамбардын хадистерин туура жана так үйрөтүү болуп эсептелет. Бул дисциплина аркылуу хадистердин маани-маңызы, иснады (Риваят кылган инсандар) жана белгилүү хадис аалымдардын хадис жыйнактары жана усулдары окутулат.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.21), 2 кредит – 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Хадис илиминин пайда болушу, өнүгүшү. Хадис илиминин методикасы; мутеватир, сахих, хасан, зайыф, мавзуъ. Хадис илиминде санад, рави, риваят түшүнүктөрү. Хадис илиминин башка Ислам дисциплиналар менен байланышы; Куран, келам, фикх, тасаввуф. Алгачкы хадис аалымдары жана эмгектери; Имам Бухари *жамиус-сахих*, Имам Муслим *жамиус-сахих,* Имам Тирмизий *сунан*, Ахмад бин Ханбал *аль-муснад*, Имам малим *аль-муватта*. Тандалган хадис жыйнактары; кырк хадис, жүз хадис.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Хадис» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-6, КИК-5, КК-2, КК-3, КК-8.**

### 2.12.13.1.2. Жумушчу окуу пландагы элективдүү курстардын программасына аннотация Педагогикалык психология

1. **Педагогикалык психология предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттердин тарыхый- педагогикалык билимин, билим маданиятына болгон көз карашын, педагогикалык реалдуулукка карата илимий ой жүгүртүүсүн, обьективдүү түшүнүгүн, педагогикалык кесиптин баалуулуктарынын негизин, кесиптик компетенцияларынын жана жалпы маданий өнүгүүнүн негиздерин маалыматтык функцияда жайылтуусун калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ГСЭ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет ГСЭ-1.7), 3 кредит – 90 саат.

Scanned with CamScanner

3. **Кыскача мазмуну:** Педагогика адам жөнүндөгү илимдер системасында тарбиянын маңыз-мазмуну, тарбия методдорунун системасы, инсандын базалык маданиятын калыптандыруу, коллективде тарбиялоо, окутуу процесси, окутуунун методдору, окутуунун усулдары, окутуунун формалары, окутуудагы диагностикалоо жана баалоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «педагогикалык психология» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, КИК-2, КИК-5, КК-6.**

**Риторика**

1. **Риторика предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерге сүйлөө маданияты, сөз чеберчилиги тууралуу маалымат берип, аларды эл алдында сүйлөөгө шыктандыруу.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (ВК-3.2.2). 5 кредит, 150 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Риториканын тарыхы. Риториканын түрлөрү. Риториканын көрүнүктүү өкүлдөрү. Диний риторика. Жума кутпасы. Диний баян. Нике кыюу. Диний даталарда өткөрүлүүчү иш-чаралар.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Риторика» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖК-5; КК-6; КК-9.**

**Ислам укугуна киришүү**

1. **Ислам укугуна киришүү предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерге ислам укугунун илим тармагы катары калыптануу тарыхы тууралуу маалымат берүү. • Студенттерди мусулмандык укук илими жана исламдагы укуктук мектептер (мазхаптар) менен тааныштырып, алардын тарыхы жана өзгөчөлүктөрү тууралуу маалымат берүү. • Ислам укугунда укуктук нормаларды чыгаруунун жол-жоболору тууралуу теориялык маалымат берүү.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет Б3-3.28. (4 кредит – 120 саат)
3. **Кыскача мазмуну: Укук, фыкх жана Ислам укугу:** Дисциплина жөнүндө маалымат. Дисциплинанын максаты жана милдети. Исламда укук түшүнүгү. Дин, шарият, фыкх жана укуктун өз ара байланышы. **Ислам укугунун өзгөчөлүктөрү, систематикасы жана негизги адабияттары:** Укуктук системалар. Ислам укугунун башка укуктук системалардан айырмачылыгы. Ислам укугунун бөлүмдөрү. Фыкх жана фыкх усулу. Ибадат. Муамалат. Укубат. Ислам укугунун адабияттары. **Ислам укугунун тарыхы: Мазхаптар пайда болгондон мурунку учур:** Ислам укугунун илим катары калыптанышынын тарыхы. Этаптар. Азирети Мухаммед пайгамбардын убагында Ислам укугу. Мекке доору. Мадина доору.

Scanned with CamScanner

Азирети Пайгамбардын доорунун өзгөчөлүктөрү. Сахабалар доорунда Ислам укугу жана өзгөчөлүктөрү. Табиундар доорунда Ислам укугу жана өзгөчөлүктөрү. Куфа мектеби. Хижаз мектеби. **Ислам укугунун тарыхы: Мазхаптар пайда болгон учур жана мазхаптар:** Хижрий II-IV кылымдарда Ислам укугу жана өзгөчөлүктөрү. Мазхаптардын пайда болуу себептери. Мазхаптар. Сүнний мазхаптар. Шиий мазхаптар. Ханафий мазхабы. Маликий мазхабы. Шаафий мазхабы. Ханбалий мазхабы. Жафарий мазхабы. Зейдий мазхабы. Ибазий мазхабы. Мазхап кармануу. **Ислам укугунун тарыхы: Мазхаптар пайда болгондон кийинки учур:** Хижрий IV кылымдан кийин Ислам укугу. Монгол баскынына чейин Ислам укугу. Монгол баскынынан кийин Ислам укугу. Өнөр жай төңкөрүшүнүн Ислам укугуна таасири. Ижтихад жана таклид. Азыркы учурда Ислам укугу. **Ислам укугунун методологиясы: Фыкх усулу:** Фыкх усулунун мааниси жана максаты. Изилдөө предмети жана обьектиси. Тарыхы. Фыкх усулу мектептери жана адабияттары. **Ислам укугунунда далилдер: Негизги далилдер:** Ислам укугунда булак түшүнүгү. Далилдин мааниси. Далилдин түрлөрү. Негизги далилдер. Ислам укугунун негизги булагы катары Куран. Курандын мааниси. Курандын өзгөчөлүктөрү. Курандын далил болушу. Куранда өкүмдөрдүн баяндалышы. Курандагы өкүмдөр. Сүннөттүн мааниси. Сүннөттүн далил болушу. Сүннөттүн түрлөрү. Милдеттүүлүгү жагынан Азирети Пайгамбардын жүрүм-туруму. Сүннөттүн функциясы. Ижма. Кыяс. **Ислам укугунунда далилдер: Кошумча далилдер:** Истихсан. Масалиху мурсала. Үрп-адат. Садду зарайи. Исламдан мурунку шарияттар. Сахаба сөздөрү. Истисхаб. **Ислам укугунда өкүм теориясы:** Өкүмдүн мааниси жана түрлөрү. Таклифий өкүмдүн мааниси жана түрлөрү. Парз. Важип. Мандуп. Арам. Макрух. Мубах. Азимат. Рухсат. Вазий өкүмдүн мааниси жана түрлөрү. Себеп. Рукун. Шарт. Маани. **Махкум фийх жана махкум алейх:** Махкум фихтин мааниси. Өкүмдөрдүн предмети болуп эсептелген жүрүм-турум жана абалдар. Махкум фихтин шарттары. Махкум фихтин түрлөрү. Махкум алейхтин мааниси. Мукаллаф. Махкум алейхтин шарттары. Ахлияттын мааниси жана түрлөрү. **Истинбат: Сөздүн түрлөрү жана далил болушу:** Мааниге далалат кылышы жагынан сөздөр. Маанисинин ачыктыгы жагынан сөздөр. Маанисинин жашырын болушу жагынан сөздөр. Колдонулган мааниси жагынан сөздөр. Сөздөрдүн мааниге далалат кылышы. **Ижтихад жана таклид:** Ижтихаддын мааниси. Ижтихад менен байланыштуу терминдер. Ижтихаддын өкүмү. Ижтихаддын түрлөрү. Ижтихад методдору. Мужтахид. Таклид. Фатва. **Каваиду куллийййа**: Ислам укугунда жалпы эрежелер.

Scanned with CamScanner

Мааниси. Пайда болушу. Түрлөрү. Мисалдары. Колдолунулушу. Адабияттары. **Макасиду шариа**: Ислам укугунда максат түшүнүгү. Маслахат. Маслахаттын түрлөрү. Заруриййат. Тахсиниййат. Хажиййат. Макасиду шариа адабияттары.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу процессинде «Ислам укугуна киришүү» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **СЛК-1: СЛК-3: КК-1: КК-2: КК-7: КК-14**:

**Ислам мистикасы**

1. **Ислам мистикасы предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Мистиканын тарыхын туура жана так үйрөтүү болуп эсептелет. Ислам суфисттеринин жана тасаввуфтун качан, кайда пайда болгондугун, мусулман мистисизм мектептеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (ВК-3.17), 3 кредит – 90 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Мистиканын тарыхында суфизмдин баштапкы доорлорунан баштап бүгүнкү күнгө чейинки абалы; пайда болуусу, себептери, максаттары, өнүгүүсү, суфизмдин көрүнүктүү өкүлдөрү, мектептери, суфизмдик окууларды, ордендердин (тарыйкаттардын) пайда болуусу, өнүгүүсү, жайылуусу, азыркы күндөгү абалы, элдик маданиятка тийгизген таасирлери. Мындан сырткары мусулман дүйнөсүндө алгач ирет түзүлгөн суфизмдик окуулардын, мектептердин ролу, айырмачылыктары. Мистисизмдеги негизги терминдер алардын чечмелениши, жалпы түрк элдеринин исламды кабылдоолорунда мусулман мистикалык ордендеринин (тарыйкаттарынын) ролу, анын ичинде кыргыздардын ислам динин кабыл алууларында мусулман мистиктеринин жана тарыйкаттарынын: Кадырийлик, Ясавилик, Ишкилик, Накшибандилик жана алардын аткарган иштери, кыргыздарга таасири.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Ислам мистикасы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, КК-1, КК-16.**

**Ислам логикасы (Мантык)**

1. **Ислам логикасы дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерди алган билимин туура талкуулай алган, так анализ жүргүзө билген адис катары даярдоо максатында, логиканын эрежелери менен тааныштыруу. Туура ой жүгүртүүсүнө багыт берүү.
2. **ББПдагы орду:** ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет 2 кредит, 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Ислам логикасы предметине киришүү. Логиканын сөздүк жана терминдик маанилери. Логиканын, ой

Scanned with CamScanner

жүгуртүүнүн эрежелери. Темасы, максаты жана пайдасы. Логиканын кыскача тарыхы. Логикага байланыштуу терминдер. Логиканын методдору жана негизги булактары.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар:** Окуу жараянында «ислам логикасы» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ИК-1, ИК-2, СЛК-2, КК-1.**

**Хадис таануу**

1. **Хадис таануу предметин өздөштүрүүнүн максаты:** Ислам growth дининде Курандан кийинки булак катары эсептелген Мухаммед пайгамбардын хадистерин туура жана так үйрөтүү болуп эсептелет. Бул дисциплина аркылуу хадистердин маани-маңызы, иснады (Риваят кылган инсандар) жана белгилүү хадис аалымдардын хадис жыйнактары жана усулдары окутулат.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.21), 2 кредит – 60

саат.

3. **Кыскача мазмуну:** Хадис илиминин пайда болушу, өнүгүшү. Хадис илиминин методикасы; мутеватир, сахих, хасан, зайыф, мавзуъ. Хадис илиминде санад, рави, риваят түшүнүктөрү. Хадис илиминин башка Ислам дисциплиналар менен байланышы; Куран, келам, фикх, тасаввуф. Алгачкы хадис аалымдары жана эмгектери; Имам Бухари *жамиус-сахих*, Имам Муслим *жамиус-сахих,* Имам Тирмизий *сунан*, Ахмад бин Ханбал *аль-муснад*, Имам малим *аль-муватта*. Тандалган хадис жыйнактары; кырк хадис, жүз хадис.
4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Хадис таануу» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-6, КИК-5, КК-2, КК-3, КК-8.**

**Классикалык диний тексттер**

1. **Классикалык диний тексттер предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерди теологиянын классикалык адабияттары менен тааныштыруу. Студенттерге классикалык адабияттарда маселелерди изилдөө методдору тууралуу маалымат берүү. Студенттердин классикалык адабияттардагы маалыматтарды колдонуп, учурдагы теологиялык маселелерди кесипкөйлүк жана сабаттуулук менен анализдөө жөндөмүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (БЗ-3.23), 2 кредит – 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну:** Дисциплинага киришүү. Классикалык диний тексттерде тазалык менен ибадаттардын байланышы. Классикалык диний тексттерде намаз ибадатынын каралышы. Классикалык диний тексттерде намазга тиешелүү нормалардын каралышы. Классикалык диний тексттерде намаздын түрлөрү. Классикалык диний тексттерде

Scanned with CamScanner

нике келишиминин каралышы. Классикалык диний тексттерде экономикалык маселелердин каралышы. Классикалык диний тексттерде коомдук жашоого тиешелүү маселелердин каралышы.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Классикалык диний тексттер» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **КК-1, КК-2, КК-3, КК-7, КК-8, КК-9, КК-14, КК-15.**

**Теологиянын учурдагы маселелери**

1. **Теологиянын учурдагы маселелери предметин өздөштүрүүнүн максаты**: Студенттерди теологиянын учурдагы маселелерин пайда болуу себептери, терминдер, түшүнүктөр жана категориялар менен тааныштыруу. Студенттердин теологиянын учурдагы маселелери тууралуу теориялык билимин системалуу түрдө калыптандыруу. Студенттердин теологиянын жалпы теориясынын жана методологиясынын негизинде коомдо кездешкен диний маселелерди кесипкөйлүк жана сабаттуулук менен анализдөө жөндөмүн калыптандыруу.
2. **ББПдагы орду**: ПЦ циклындагы вариативдик бөлүккө кирет (Б3-3.25), 2 кредит – 60 саат.
3. **Кыскача мазмуну: Киришүү. Дин, жашоо жана фыкх:** Дисциплина жөнүндө маалымат. Дисциплинанын максаты жана милдети. Теологиянын учурдагы маселелери дисциплинасынын негизги терминдери жана түшүнүктөрү. Дин жөнүндө түшүнүк. Дин менен жашоонун байланышы. Фыкх жана жашоо. **Ислам шариятында өкүмдөрдүн өзгөрүшү**: Өкүмдөрдүн түрлөрү. Өзгөрбөй турган өкүмдөр. Өзгөрүшү мүмкүн болгон өкүмдөр. Өзгөрүүнүн себептери. Өзгөрүүнүн шарттары. Өзгөрүүнүн чеги. **Теологиянын учурдагы маселелеринин пайда болуу себептери, чечүүнүн жолдору:** Маселелерди аныктоо. Теологиянын учурдагы маселелеринин пайда болуу себептери. Маселелерди чечүүнүн жолдору. Макасид аш-шария. Каваид ал-куллиййа. **Орозодо дарылануу:** Орозонун шарияттагы орду. Орозонун шарттары. Орозо учурунда дарылануу. **Айдын жаңырышы маселеси:** Айдын жаңырышы. Айдын фазалары. Ибадаттардын убакыттарын аныктоо. Орозонун башталышы. Айт күнүн аныктоо. Айдын башталышын аныктоо ыкмалары. Салттуу ыкма. Заманбап ыкма. **Нике келишимине мыйзамдуу өкүлдүн таасири:** Нике келишими. Нике келишиминин шарттары. Мыйзамдуу өкүл. Мыйзамдуу өкүлдүн нике келишимине таасири. Жашыруун нике. **Көп аялдуулук:** Көп аялдуулуктун тамыры. Көп аялдуулуктун себептери. Көп аялдуулуктун шарттары. Көп аялдуулуктун мыйзамдарда каралышы. **Ажырашуу маселелери:** Ислам шариятында аялдын ажырашуу укугу. Үч талак меселеси. Мас адамдын талагы. Ачуу абалында

Scanned with CamScanner

берилген талак. Идда. **Мурабаха, мудараба:** Мурабаха жана анын шарттары. Азыркы учурда колдонулушу. Мудараба жана анын шарттары. Азыркы учурда колдонулушу. **Адал азык маселеси:** Тамак-аш маселесине тиешелүү жалпы өкүмдөр. Өсүмдүк азыктары. Эт азыктары. Кургакта жашаган жаныбарлар. Сууда жашаган жаныбарлар. ГМО. **Трансплантация (Орган алмаштыруу):** Орган алмаштыруу. Жандуудан алынган орган. Өлүктөн алынган орган. **Жасалма уруктандыруу, аборт**: Жасалма уруктандыруу. Себептери. Шарттары. Өкүмдөрү. Аборт. Себептери. Шарттары. Өкүмдөрү.

4. **Күтүлүүчү натыйжалар**: Окуу процессинде «Теологиянын учурдагы маселелери» дисциплинасы аркылуу төмөндөгү компетенциялар өздөштүрүлөт: **ЖМК-1, ЖМК-2, ЖМК-4, ЖМК-5, КК-1, КК-2, КК-3.**

**2.12.13.2. ДАЯРДОО БАГЫТЫ ЖЕ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА СТУДЕНТТЕРДИН НББП ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО СИСТЕМАСЫ** ЖМКББ мамлекеттик стандартына жана жогорку окуу жайы жөнүндөгү жобого ылайык билимди өздөштүрүүнү текшерүү учурдагы, аралык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациялоону өз ичине камтыйт. ЖМКББ НББП боюнча билим алып жаткандарды учурдагы, аралык текшерүүнүн аттестациялоонун нормативдик-методикалык камсыздалышы ЖОЖ жөнүндөгү Типтүү жобого ылайык жүргүзүлөт.

**2.12.13.2.1. Жетишүүнүн учурдагы текшерүү жана аралык аттестация** ЖМКББ МББСнын талабына ылайык НББП этап-этабы менен өздөштүрүүсүн аттестациялоо үчүн жогорку окуу жайы баалоо каражаттарынын фондун түзөт. Алар билимди өздөштүрүүнү учурдагы текшерүү жана аралык аттестациялоо болуп саналат. Баалоо каражаттарынын фонду өз ичине буларды камтыйт: практикалык сабактарда, зачет, экзамендерде билимди текшерүүнүн контролдук суроолору, типтүү тапшырмалар, бланкалык тесттер жана компьютердеги тестирлөө программалары, курстук иштердин тематикалары (долбоор, реферат, доклад, илимий макала ж.б.).

**2.12.13.2.2. ББПын бакалавр баскычында бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тандалган максаты болуп бүтүрүүчүнүн ЖМКББнын НББПын ийгиликтүү өздөштүрүүсүн аныктоо болуп саналат. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана ЖМКББнын НББПнын окуу планын толук өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр киргизилет.

**ЖМКББнын НББПнын мамлекеттик аттестациялык сыноолоруна төмөнкүлөр кирет:**

- квалификациялык ишин коргоо.

Scanned with CamScanner

- мамлекеттик экзамен;

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамен боюнча НББПдагы жоболор** Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык ишин жана адистик боюнча мамлекеттик сынакты камтыйт.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолор мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлгөн профессионалдык багыттагы милдеттерди аткарууга бакалаврдын практикалык жана теориялык жактан даярдыгын жана магистратурада билимин улантуусун аныктоого багытталган.

Бүтүрүүчүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына кирген аттестациялык сыноолор ал окуп өздөштүргөн жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасына толугу менен дал келүүсү керек.

**Бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык ишине талаптар**

Бүтүрүү квалификациялык иш дин таануунун тигил же бул проблемасы боюнча адабияттарды баалоо, жалпылоо, анализдөө, талдоодон турган өз алдынча изилдөө болуп эсептелет.

Бүтүрүү квалификациялоо иши дүйнөлүк жана ата мекендик булактарды терең үйрөнүүгө, коюлган проблемага заманбап көз карашка негизделген жана 531600 Теология багыты боюнча кесиптик дисциплиналардын базасында аткарылган болушу керек.

Бүтүрүү ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына болгон талаптар ББж-аИ министрлиги тарабынан бекитилген «Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобонун» негизинде, 531600 Теология багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын жана Теология багыты боюнча ОУБ (УМО)нин методикалык сунуштарынын негизинде аныкталат.

Бүтүрүү квалификациялык иштеринин темасын тандоо, бекитүү, аткаруу, даярдоо, жасалгалоо жана коргоону уюштуруу КИУнун жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

Бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ачык жыйынында анын курамынын жок дегенде үчтөн экисинин катышуусу менен өткөрүлөт. Мамлекеттик сынактарды кабыл алуу жол-жобосу жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын узактыгы күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш.

Бүтүрүү квалификациялык ишти коргоого багыттын (адистиктин) жогорку кесиптик билим боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык КИУда иштелип чыккан негизги

Scanned with CamScanner

билим берүү программаларын өздөштүрүүнү толук көлөмдө ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун башка түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөр киргизилет.

### Адистик боюнча мамлекеттик сынакка талаптар

531600 Теология багыты боюнча мамлекеттик сынактын программасы жана өтүү тартиби Кыргызстан ислам университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө жобонун, Теология багыты боюнча ОУБ тарабынанан иштелип чыккан методикалык сунуштардын жана тийиштүү болжолдуу программалардын, ББж-аИ министрлиги тарабынан бекитилген Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобонун, 531600 Теология багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде ЖОЖ тарабынан аныкталат.

Мамлекеттик аттестациялык сыноолорду өткөрүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү Кыргызстан ислам университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө Жобонун негизинде факультеттин деканы тарабынан иштелип чыгып, ректор (проректор) тарабынан бекитилет жана билим берүүнүн бардык студенттерге жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация башталардан жарым жыл мурда маалымдалат. Студенттер мамлекеттик сынактардын программалары менен камсыз болушат, алар үчүн даярданууга зарыл болгон шарттар түзүлүп, консультациялар өткөрүлөт.

Адистик боюнча мамлекеттик сынак студент тарабынан алынган билимдерди мамлекеттик аттестациялык комиссиянын Кеңешмесинде оозеки экзамен тапшыруу түрүндө ишке ашат. Мамлекеттик сынактын баалоочу каражаттарынын фонду 531600 Теология багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартындагы кесиптик багыттагы дисциплиналардын суроолорунан турат.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун бардык түрлөрүнүн жыйынтыгы “эң жакшы”, “жакшы”, “канааттандыраарлык”, “канааттандыраарлык эмес” деген баалар менен аныкталат да, ошол эле күнү комиссиянын жыйынынын протоколдору тиешелүү тартипте толтурулуп, студенттердин алган баалары аттестациялык ведомостко коюлган соң жарыя кылынат.

Scanned with CamScanner